**МЕКЕН ТААНУУ 4-класс** **ВАРИАНТ № 5**

## ТЕСТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ:

**Тест 2 бөлүмдөн турат:**
**1-бөлүм** 1ден 8ге чейинки тапшырмалар – сунушталган 4 варианттын ичинен бир туура жоопту тандап алуу.
**2-бөлүм** 9 жана 10 – дал келтирүүгө берилген тапшырмалар.

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Материктердин жаратылыштары кайсы картага түшүрүлгөн?
а) дүйнөнүн саясий картасына
б) материктердин картасына
в) саясий картага
г) физикалык картага

**№ 2.** Жердин табигый жандоочусу ...
а) Күн
б) Жылдыз
в) Планета
г) Ай

**№ 3** Баарынан чоң жана терең мухит кайсы?
а) Атлантика мухити
б) Инди мухити
в) Тынч мухити
г) Түндүк муз мухити

**№ 4.** Жер шарын Түндүк менен Түштүк жарым шарларга бөлгөн шарттуу сызык эмне деп аталат?
а) горизонт
б) экватор
в) түз сызык
г) мейкиндик

**№ 5.** Жерди үч ирет айланып чыккан саякатчы ким болгон?
а) Жеймс Кук
б) Фернан Магеллан
в) Бехайм
г) Френсис Дрейк

**№ 6.** Жердеги бирдиктүү жана үзгүлтүксүз суу мейкиндиги эмне деп аталат?
а) агын суулар
б) дарыялар
в) дүйнөлүк мухит
г) көлдөр

**№ 7.** Кыргызстан кайсы өлкө менен чектешпейт?
а) Кытай
б) Казакстан
в) Россия
г) Тажикстан

**№ 8.** Дүйнөдөгү эң чоң Сахара чөлү кайда жайгашкан?
а) Түштүк Америкада
б) Африканын түндүгүндө
в) Түндүк Америкада
г) Түштүк Африкада

## 2-БӨЛҮМ

***Бул бөлүм дал келүүлөрдү белгилей турган тапшырмалардан турат. Сол жакта турган ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин тапкыла. (б.а. дал келген эки элементти туташтыргыла). Оң жактагы элементтердин бирөөсү ашык.***

**№ 9.** Сандар эмнелерди туюндурат? Дал келтиргиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | 88 | 1 | Жер менен Күндүн ортосундагы аралык |
| Б | 100 | 2 | Күндүн үстүнкү бетинин температурасы |
| В | 150000000 | 3 | Күндүн ортосундагы температура |
| Г | 6000 | 4 | Асмандагы топ жылдыздар |
| | | 5 | Күндүн көлөмү Жерге салыштырмалуу |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№ 10.** Дал келтиргиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Мээ | 1 | Кычкылтекти бүтүндөй организмге жеткирет |
| Б | Жүлүн | 2 | Бардык организмдерге көзөмөл жүргүзөт |
| В | Нервдер | 3 | Организмде газдардын алмашуусун жөнгө салат |
| Г | Өпкө | 4 | Ички органдардын иштешин жөнгө салат |
| | | 5 | А) мээге маалымат берет<br>Б) азыктарды таратат<br>В) булчуңдарды башкарат |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

## ТЕСТТИН АЯГЫ

**Тестти баалоо:**
**1-бөлүмдөгү 1 ден 8 ге чейинки ар бир тапшырмага 1 балл,**
**2-бөлүмдөгү 9 жана 10 тапшырмалардын –**
Төрт туура дал келген жообуна **3 балл,**
Үч туура дал келген жообуна **2 балл,**
Эки туура дал келген жообуна **1 балл,**
Бир туура дал келген жообуна **0 балл берилет.**

**Жалпы: 14 балл**

| **Баллдар** | **Баасы** |
|---|---|
| 1 – 4 балл үчүн | «2» |
| 5 – 8 балл үчүн | «3» |
| 9 – 11 балл үчүн | «4» |
| 12 – 14 балл үчүн | «5» |